# КЕЛДИҢБИ?

Керемет Сабыржанова & Сыймык Бейшекеев

Сөзү: Нуржамал Калмаматова

Обону: Сыймык Бейшекеев

КЕЛДИҢБИ? -ООБА, КЕЛДИМ

-Келдиңби?

-Ооба, келдим,

-Күтүп турам..

Убакыт өтпөй койду, күйүп турам.

Учактан түштүңбү деп, кабарлаштың,

Жакындап сени тиктеп, күлүп турам.

-Кандайсың?

-А мен жакшы, өзүң кандай?

Жылмайып, нуруң чачып жарык таңдай.

Кубанып турдуң карап, келгениме,

Кыйналган жоксуңбу деп, жаның калбай.

Уктабай күткөнүңдү аяп турдум,

Чарчаган жамалыңды карап турдум.

Сен болсо, мен келгенче кирпик какпай,

Убакыт, мүнөт, секунд санап турдуң.

-Келдиңби, ооба, келдим, күтүп турам,

Жакындап сени тиктеп күлүп турам.